DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



*Осмоналиева Н.Ж.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ҮЙ-БҮЛӨ МЫЙЗАМЫНЫН УКУКТУК КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Осмоналиева Н.Ж.*

# ПРАВОВЫЕ ПРОБЛЕМЫ СЕМЕЙНОГО ЗАКОНОДАТЕЛЬСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*N.Zh. Osmonalieva*

# LEGAL PROBLEMS OF FAMILY LAW THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 347.61/.64*

*Бул макалада үй-бүлөлүк укук мамилелеринин чөйрөсүндөгү актуалдуу көйгөйлөрдүн жалпы баяндамасы каралган. Автор Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө жана Балдар жөнүндөгү кодекстин ченемдерин изилдеп чыгып, тиешелүү өзгөрүүлөрдү жана толуктоолорду сунуштаган. Мындай аракеттер мыйзамдарды келечекте жакшыртууга алып келет. Макалада өзгөчө көңүл жашы жете электердин никесин каттодогу ата-энесинин оордун белгилейт жана алардын уруксаты жок мындай никелерди каттаганга чек коюлат, кыргыз кыздарынын мүлктүк укуктарын коргоо максатында, чет мамлекеттин жарандары менен никеге турууда нике келишимин түзүүнү сунуштайбыз, диний нике мамилелеринин көбөйүшүнө байланыштуу мыйзамга анын түшүнүгүн жана каттоо жол жобосун киргизүү зарылдыгы айтылган. Мындан тышкары, никеге туруучу адамдардын медициналык жактан текшерүүсү бүгүнкү күндө абдан актуалдуу, көп аял алуу институтун мыйзамдаштыруу азыркы күндүн талабы, бул кадам менен биз никесиз төрөлгөн балдардын жана аялдардын укуктарын коргойбуз.*

***Негизги сөздөр:*** *үй-бүлө, мыйзам, жашы жете электер, чет элдик жарандар, диний нике, медициналык жактан текшерүү, көп аял алуу институту.*

*В данной статье представлен общий обзор актуальных проблем семейного законодательства и автор предлагает соответствующие изменения и дополнения в Семейный кодекс Кыргызской Республики и Кодекс Кыргызской Республики о детях. Такие действия приведут совершенствованию этих законодательств в будущем. Особое внимание в статье уделяется регистрации брака несовершеннолетних детей, по мнению автора, зарегистрировать такие браки должны только с согласия родителей или законных представителей, а не по заявлению самих несовершеннолетних детей, в целях защиты имущественных прав кыргызских девушек, вступающих в брак с иностранными гражданами - предлагается заключить брачный договор, такой договор защитит не только права женщин, но детей, в связи с ростом числа религиозных брачных отношений назрела необходимость введения в законодательство его понятия и процедуры регистрации.*

***Ключевые слова:*** *семья, закон, несовершеннолетние, иностранные граждане, религиозные браки, медицинское освидетельствование, институт многоженства.*

*This article provides a General overview of current problems of family legislation and the author proposes appropriate amendments and additions to the Family code of the Kyrgyz Republic and the Code of the Kyrgyz Republic on children. Such actions will lead to improvements in these laws in the future. Special attention is paid to the registration of marriage of minor children, according to the author, such marriages should be registered only with the consent of parents or legal representatives, and not at the request of minor children themselves, in order to protect the property rights of Kyrgyz girls who marry foreign citizens - it is proposed to conclude a marriage contract, such a contract protects not only the rights of women, but children, due to the growing number of religious marriage relations, it is necessary to introduce its concept and registration procedure into the legislation.*

***Key words:*** *family, law, minors, foreign citizens, religious marriages, medical examination, Institute of polygamy.*

Кыргыз Республикасынын үй-бүлө мыйзамынын жаңы редакциясын кабыл алуу убактысы келип жетти, себеби азыркы иштеп жаткан мыйзамдын көпчүлүк ченемдери эскирип заманбап жашоонун талабына жооп бербейт. Үй-бүлө кодекси 2003-жылдын 30-августунда кабыл алынган, ошол убакыттан бери жыйырма жолу өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Олуттуу өзгөрүүлөр жана толуктоолор 2012-жылы байкалган. Келечектеги жаңы кабыл алынуучу мыйзамга төмөндөгүдөй өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду сунуштайбыз:

**Биринчиден,** жашы жете электердин никесин ата-энесинин, же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн макулдугу менен катталсын. КР ҮК "Жүйөлүү себептер болгондо никеге турууну каалаган адамдардын жашаган жери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары бул адамдардын

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



өтүнүчү боюнча балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрдүн комиссиялык корутундусунун негизинде эркектер жана аялдар үчүн нике курагын бир жылдан ашырбастан төмөндөтүүгө укуктуу" (14-бер.).

Демек, мыйзамга ылайык жашы жете элек өспүрүмдөрдүн никеге туруусу, алардын жаш курагына карабастан өздөрүнүн арызынын негизинде катталышы жазылган, мыйзамда ата-энесинин же аларды алмаштырган адамдардын макулдугу талап кылынбайт.

Ал эми биз сунуштап жаткан ченем, башка чет мамлекеттердин мыйзамдарында дагы каралган, мисалы, он сегиз жашка чыга элек кыз ата-энесинин же башка органдын уруксаты менен никеге туруу 146 мамлекетте каралса, 52 мамлекет он беш жашка чейинки кыздарга ата-энесинин уруксаты менен никеге турууга мүмкүнчүлүк берет. Ата-энелеринин же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн, же атайын соттордун, башка органдардын уруксаты менен жыйырма Европа мамлекеттеринде он алты жаштан никеге уруксат берилген. Ата-энесинин уруксаты менен никеге туруу эркек балдарга он төрт, кыз балдарга он эки жаш куракта Греция, он жети жаш Турция жана Арменияда, он алты жаш эркек балдарга, он төрт жаш кыз балдарга Австрия өлкөлөрүндө бекитилген [1]. Мындан тышкары нике курагын төмөндөтүү ата-эненин уруксаты менен Болгария, Улуу Британия, Греции, Италии, Португалия, Чех Республикасында, Латвия, Литва, Франция, Эстония жана башка өлкөлөрдүн мыйзамдарында каралган [2].

Ушуга байланыштуу, чет элдик тажрыйбаны карап чыгып, биздин пикирибиз боюнча КР ҮК 2-п. 14-беренеси өзгөртүлсүн жана толукталсын "*ата-энесинин же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн макулдугу менен*" деген сөздөр менен.

**Экинчиден,** чет мамлекеттин жарандарына турмушка чыккан кыздардын жана алардын балдарынын мүлктүк укуктары мыйзамда так белгиленген эмес.

Ошого байланыштуу, Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодексинин 45-беренесинин 4-пунктуна *"Никелешкен тараптардын бири чет өлкөлүк жаран же жарандыгы жок адам болуп саналган нике келишиминде милдеттүү түрдө төмөнкүдөй шарттар каралат: тараптардын мүлктүк укук мамилелери, мүлк жагындагы алардын укуктары жана милдеттери; балдарды коргоо боюнча тараптардын милдеттери; жубайды жана балдарды өз турак-жайы менен камсыз кылуу* деген ченемдерди киргизүү зарыл.

Жогорудагы маселенин көтөргөнүбүздүн себеби, акыркы убакта кыргыз жарандары чет элдин жарандары менен никеге туруусу бизде көнүмүш адатка айланып баратат – статистикага кайрылсак 2010-жылдан баштап – 2018-жылга чейин 17609 нике катталган. Бул көрсөткүч мындан дагы көп болушу мүмкүн, себеби биз Кыргызстандын аймагында гана катталган никелерди санадык, белгилей кетсек, кыргыз жарандары чет мамлекеттерде дагы никеге турууга укуктуу. Кайсыл чет мамлекеттин жарандары менен көбүрөөк никеде туруусун карасак 6744 Россиянын жарандары менен, 5024 – Узбекистан, Казахстан – 1682, Таджикистан – 1495, Турция – 604, Корея – 472, Афганистан – 35, Пакистан – 66 жана Кытай – 60 [3].

**Үчүнчү** биздин сунушубуз, мечитте, чиркөөдө, үй-бүлөдө катталган диний никени мыйзамдаштыруу. Бул маселе көп жылдан бери көйгөй жаратып келет, себеби мыйзам чыгаруучу, диний кызматкерлерди никени жарандык каттоодон өткөндөн кийин гана нике кыюуга жол берилишин эскерткен [4. 21-бер. 5-п.]. Мыйзам чыгаруучу бул аракети менен аялдарды, жашы жете элек кыздарды жана болочокто төрөлө турган балдарды укуктук жактан коргоосун билдирет.

Баардыгыбызга маалым, көпчүлүк жарандар никени жарандык каттоодон өткөрбөй эле, нике кыйдырып үй-бүлө болуп жашай беришет. Мисалы, статистикага көз чаптырсак 2014-2018 жылга чейин 22-26% балдар жарандык каттоодон өтпөгөн үй-бүлөөдө төрөлүшкөн, ал эми 2018-жылы республика боюнча 171 149 бала төрөлүп, анын ичинен 20 миң бала ата-энесинин биргелешкен арызынын негизинде катталышкан, 17 миң бала бир гана энесинин арызы менен [5].

*Демек, алдыда диний кызматкерлер менен мыйзам чыгаруучу органдын ортосунда талаш-тартыш жаралбашы жана никеге турган адамдардын тандоо укугу бузулбашы үчүн, эки процедураны (нике кыю, жарандык актыга катто) бир эле жасап коюну сунушталат. Эгерде, нике диний мекемеде катталса, анда диний кызматкери бир жуманын ичинде жарандык абалдын актыларын жазуу органдарына никени мамлекеттик катто үчүн жөнөтүү абзел.*

*Ошону менен бирге, үй-бүлө кодексине "диний нике" деген түшүнүктү киргизүү сунушталат.*

Бир сунуштагандай практика иш жүзүндө Англия, АКШ, Дания, Испания, Италия, Канада, Литванын мыйзамдарында каралып, оң тажырыйбасын көрсөткөн [6].

**Төртүнчү,** көп аял алуу институтун мыйзамдаштыруу менен аялдарды жана балдарды укуктук жактан толук коргой алабыз. Бул демилени 67,5% кыргызстандыктар колдобойт, калктын 21,7% бул демилгени колдошот [7].

Эгерде, эркек эки аял алса, алар экөө тең бирдей алсыз абалда болгонун байкайбыз: мисалы, биринчи

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



аялы, күйөөсүнүн экинчи жана үчүнчү аялынын бар экенин билсе деле эч кандай кадамдарга барышпайт, себеби, күйөөсү балдары менен карабай кетип калбасын деп аргасыздан чыдап жашап келишет, же болбосо физикалык же психикалык жактан кыйноого учурашат; экинчи аялдын никеси юридикалык жактан катталбай, өзүнүн, балдарынын укуктары укуктук жактан кысымга алынып келет.

Практика көрсөткөндөй, мыйзам тарабынан өтө оор жазаларды колдонгон күндө дагы биз көп аял алууну токтото алган жокпуз. Эгерде биз мыйзамдын кабыл алынышына каршы чыга берсек мыйзамсыз төрөлгөн балдардын саны көбөйө берет. Эркек ар учурда экинчи, же биринчи аялын таштап кетиши мүмкүн эч кандай кепилдик жок.

Көп аял алуу институтун мыйзамдаштырууга көп себептер бар: мисалы: эркектер аялдардан азыраак, 3 237,6 эркек, 3 285,9 аял [8]; эркек кишилер, аялдарга караганда көбүрөөк кылмыш жасашат. Мисалы, 2019-жылы 16 747 санды түзгөн, ал эми аялдар тарабынан жасалган кылмыштын саны 3 532 [8, 149-б.]. Мындан тышкары, бойго жеткен кыздар чет мамлекеттерге иштегени чыгып кетип жатышат. Мунун кесепетинен ар жылы кыргыз кыз-келиндердин балдарын чет мамлекеттен Кыргыз Республикасына кайрып берип жатышат. 2019-жылы 21 болсо [9], 2018-жылы бул көрсөткүч 96 баланы түзгөн [10].

Ар бир аял табиятта эне болууну каалашат, эгерде расмий никеге чыкпаса, чыгайын десе эркек кишилер жетишпесе, экинчи аял болуп турмушка чыгайын десе коомдо талкууга алынса анда эмне кылыш керек, коркуп жашыруун төрөп алып, өзүнүн укуктарын, балдарынын укуктарын тебелетип коюш керекпи?

Күйөөсү жок төрөп алып, аларды багалбай балдар үйүнө өткөрүп бергендер, ата-энесине таштап чет мамлекетке иштегени чыгып кеткендер андан көп.

Демек, жогоруда айтылган фактылардын баардыгы балдардын укуктарынын бузулушуна алып келет. Бир аялдын кызыкчылыгы үчүн канча аял жана бала кыйналып келет. Баардык эле учурда баланын атасынын аталыгы аныкталбайт, фамилиясын бербейт, себеби расмий никедеги аялынан жана коомдо талкуу болуудан чочулашат.

Эгерде көп аял алуу маселесин чечпесек, биз аялдардын, балдардын укуктарын кантип коргойбуз? Биринчиден аялдын мурастоого, алимент алууга, мүлктүк укуктары чектелет, экинчиден расмий эмес никеде төрөлгөн балдардын дагы ушул сыяктуу эле укуктары бузулат.

**Бешинчи,** никеге турууучу адамдарды медициналык жактан текшерүү ыктыярдуу шарты гана болуп саналат, анткени мындай текшерүүлөр никеге туруп жаткандардын өздөрүнүн макулдугу менен гана саламаттык сактоо мекемелеринде алардын жашаган жери боюнча акысыз жүргүзүлөт (16-ст. 1-п. КР ҮК).

Биздин максат келечектеги төрөлө турган балдардын дени сак төрөлүшүн, үй-бүлө мүчөлөрү зордук-зомбулука кабылбашын кааласак никеге турууунун милдеттүү шарттарынын тизмесине КР ҮК 13-беренесине “Медициналык изилдөөнү” киргизүүнү сунуштайбыз. *Медициналык изилдөөгө ВИЧ-инфекция, алкоголдук, баңги заттарга көз карандылыктарга, өнөкөт орууларга, репродукция системасына байланыштуу ооруларга анализ тапшыруу каралышы жана бул анализдердин жыйынтыктары менен сөзсүз түрдө келечектеги жубайлар бири-бири менен жана ата-энеси менен бөлүшүшү зарыл.*

Эмне себептен “Медициналык изилдөөнү” милдеттүү шарта кошуу зарыл? 2018-жылы жалпысынан республика боюнча 820 ВИЧ-инфекциясы аныкталган, 2017- жылга караганда 553 адамга көп [5, 112-113-бб.]. Алкоголдук көз карандылыктан 2018-жылы 20-45 жана андан жогору 128 аял катталган, ал эми эркектердин саны 1 051 түзгөн. Баңги заттарга жана баңги заттарга эмес көз карандылык 2018-жылы 287 кишини түзгөн, алардын ичинде 12 – аял, 275-эркек киши [5, 108-110-бб.]. Айта кетчүү нерсе, алкоголдук жана наркотиктик көз карандылык менен ооругандарды табуу боюнча тенденция реалдуу кырдаалды чагылдырбайт, анткени ооруп калгандарды эсепке алуу алар мамлекеттик наркологиялык мекемелерге кайрылган учурда гана жүргүзүлөт. Үй-бүлөөлүк зордук –зомбулука кайрылгандардын саны 2018-жылы 8 730 кишини түзгөн, анын ичинен 6 788 – аял, 1 942 – эркек, 419-жаш бала [5, 135-б.].

Ушундай эле практика Франциянын мыйзамында көрсөтүлүп, анда никеге туруп жаткан жубайлар медициналык күбөлүк алып, бири-бирине ден соолугу тууралу маалымат берилиши каралган. Күбөлүктө медициналык текшерүүнүн натыйжалары чагылдырылбайт, алар башка тарапка дагы билдирилбейт. Бул документ жок никени каттодон өткөрсө штраф каралган (ФЖК 63-бер. 2-абзац). Ошентип, француз мыйзам чыгаруучусу никеге туруп жаткандар үчүн никеге катталганга чейин эки ай мурда берилген медициналык күбөлүктү тапшырууга милдеттүү шарт түзгөн. Өзгөчө учурларда (жубайлардын биринин өмүрүнө түздөн-түз коркунуч туулган учурларда) нике мындай күбөлүк берүүдөн бошотулушу мүмкүн [11]. Медициналык милдеттүү текшерүү АКШда, Финляндияда жана Молдовада каралган, никени катто органдарына медициналык документы тапшырышы зарыл, ал эми

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Украина мыйзамында колукту менен күйөө бири-бирине өздөрүнүн ден соолуктары жөнүндө билдирүүгө милдеттүү. Болгариянын үй-бүлөөлүк мыйзамында тукумдун же башка жубайдын өмүрүнө же ден соолугуна олуттуу коркунуч келтирген оору менен ооруган адам менен никеге туруугa тыюу салууну белгиленет [12].

**Алтынчы** көйгөй**,** асырап алуунун сырын сактоо. Баланы асырап алуунун сыры мыйзам тарабынан корголот (КР ҮК 60-бер. 1-п.). Асыроонун сырын ачкан адам кылмыш жоопкерчилигине тартылат (ЖК 184-бер.). "Баланы асырап алуу жөнүндө чечим чыгарган же асырап алууну мамлекеттик каттоону жүзөгө ашырган кызмат адамдары, ошондой эле асырап алуу жөнүндө башкача жолдор менен кабардар болгон адамдар баланы асырап алуунун сырын сактоого милдеттүү" (КР ҮК 60-бер. 1-п.).

Бирок, асырап алуунун жашырындуулугун сактоо өтө кыйынга турат, кээбир ата-эне баланы асырап алгандан кийин жашаган жерин өзгөртүүгө дагы аргасыз болушат, себеби, асырап алуунун сыры ачыкка чыгып кетүү коркунучу бар. Кийиинки маселе, асырап алуучуларда баланын генафонду кандай болот деген, бала, асырап алган кишиге окшобой калган учурда коркуу пайда болушу мүмкүн. Ал эми асырап алуунун сыры эртедир-кечтир ачылса, анда баланын жүрүм-турумунуна, тил табышуусуу же өзгөрүшү сыяктуу проблемалар жаралышы мүмкүн.

"Бала асырап алуу процессинде Кыргызстандагы негизги тоскоолдук катары асырап алуунун сырын эсептейт Назгуль Турдубекова "Балдардын укугун коргоочулардын лигасынын" коомдук фондунун директору [13]. Анын айтуусунда мындай сырды алып салыш керек дейт, биз бул пикирди кандайдыр бир деңгээлде колдойбуз.

Биздин пикирибизде, асырап алуунун сырын ачканда жашы жете элек бала ар кандай кабыл алышы мүмкүн, биринчиден, ал биологиялык ата-энесин идеал тутушу мүмкүн же болбосо аларга карата жек көрүү башталышы дагы ыктымал. Баланы таштап кеткенин бала өзү менен байланыштырып алып, өзүнө болгон баасы түшүп, өзүн жек көрүү башталат. Ошондуктан асырап алуунун сырын жашы жете элек балдарга эч качан ачпаш керек деп эсептейбиз.

Бирок, кээ бир учурларда жашы жеткен адамга өзүнүн биологиялык ата-энесин билүү зарылдыгы пайда болушу мүмкүн. Мисалы, тукум куучулук оорусун билүү маскатында Златоуста Ольга Ледешкова деген жаран сотко кайрылып өзүнүн биологиялык ата-энесин билүүнү суранган. Асырап алуучар анын өтүнүчүнө каршы эместигин билдиришкен. Мындай суранычты аймактык бийлик жана сот органдары жеке маалыматтарды коргоо жөнүндөгү мыйзамга таянып асырап алуунун сырын ачышкан эмес [14]. 2017-жылдан бери бул жаран эч кандай керектүү маалыматты ала албай келет.

Жашы жеткен балдарга асырап алуунун сырын ачуу укуктук ченеми төмөнкү мамлекеттерде каралган: Германия мыйзамында мындай маалыматты асырап алуучу менен асырандынын макулдугу жок ачыка чыгарылбайт, өзгөчө себептер (коомдун кызыкчылыгы) болгон учурда ачылышы мүмкүн (§1758 ГГУ). Латвия мыйзамында асырап алуучунун макулдугу жок асыранды бала эрезеге жеткенге чейин гана айтылбайт (ЖК 171-бер.). Украина мыйзамы асыранды балага, өзүнүн биологиялык ата-энеси жөнүндө он төрт жаштан кийин билүүгө уруксат берет (ҮК 226-бер.). Белорусиянын мыйзамы сот тарабынан бала он сегизге чыкандан кийин маалымат алууга укуктуу, ал эми асырап алуучулар өлүп калгандан кийин камкорчулук жана көзөмөлчүлүк органы билдүүрү жасашат (136-бер. Нике жана үй-бүлө кодекси).

*Ошондуктан, жогорудагы мыйзамдарга таянып, КР "Балдар жөнүндөгү Кодекстин" 60-беренесине толуктоолорду киригизүүнү сунуштайбыз. Жашы жеткен балдар өздөрүнүн биологиялык ата-энелери жөнүндө маалымат алууга укуктуу.*

**Жетинчиден,** Кыргыз Республикасында балдарды асырап алуу бир гана жашы жете элек балдарга тараган. Биздин мыйзамдан айрымаланып башка чет мамлекеттерде жашы жеткендерди асырап алуу практикасы оорун алган. Мисалы, Германия өлкөсүнүн мыйзамдарында жашы жеткендерди асырап алууга мүмкүнчүлүк берилет, эгерде асырап алуучу менен асырап алынуучу баланын ортосунда ата-эне жана бала мамилелери орун алса (§1767 ГГУ). Асырап алууга уруксат берилбейт эгерде, ал балдардын кызыкчылыгына карама-каршы келсе (§1769 ГГУ). Жашы жеткен баланы асырап алууда, ал асырап алуучунун туугандары менен туугандык укуктук мамиле пайда болбойт (§ 1770 ГГУ).

Жашы жеткен баланы асырап алуу Чех Республикасынын Жарандык кодексинин §846 көрсөтүлгөн. Ал эми ЖК §847, эгерде асырап алуучу мурда жашы жеткен баланын бир тууган агасын же карындашын асырап алса; асырап алуучу асырап алууга арыз берген учурда жашы жеткен бала, жашы жете элек болсо; асырап алуучу жашы жеткен балага ал кичинекей кезинде өз баласындай мамиле кылып камкордука алса; асырап алуучу жубайынын баласын асырап алуусун каалаcа.

Өзгөчө учурларда жашы жеткен адамды асырап

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



алууга сот тарабынан чечим чыгарылат, эгерде анын ата-энеси жок болуп же алардын камкордугунан ажыраган болсо (Украина үй-бүлө кодекси 208-бер. 2-п.).

Испаниянын мыйзамдарында жашы жеткен баланы асырап алууга укуктук ченеми Жарандык кодекстин 175-беренесинин 2-бөлүмүндө каралган. Асырап алуучу менен асыранды баланын ортосунда туугандык мамиле пайда болушуна, аны он төрт жашка чейин асырап алуучу көзөмөлчүлүкө алган болсо.

Биз жогоруда белгилеп кеткендей, биздин мыйзамдарда жашы жеткендерди асырап алуу каралган эмес. Бул ченем кандайдыр бир деңгээлде адамдардын укуктарын ченеп коет деп ойлойбуз. Ошондуктан биздин пикирибизде баардык адамдар жаш курагына карабастан ата-энеге муктаж, анын сөзүнө, жасаган мамилесине, үйрөткөн үй-бүлөдөгү салтарга, жада калса алар анын балдарына чоң ата, чоң эне болуп берүү жашы жеткен бала үчүн чоң белек. Мындан тышкары, асырап алуучуга дагы жашы жеткен баланы асырап алуу жакшы тажрыйбасын берет деп ишенебиз.

*Ошентип, жогоруда айтылган негиздер боюнча жана чет мамлекеттердин мыйзамдарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын "Балдар жөнүндөгү" Кодекске "жашы жеткен балдарды асырап алууга өзгөчө учурларда уруксат берүү" толуктоолорду киргизүүнү сунуштайбыз.*

*Өзгөчө учурларга: ата-энесинин жоктугу; асырап алуучу мурда жашы жеткен баланын бир тууган агасын же карындашын асырап алса; асырап алуучу асырап алууга арыз берген учурда жашы жеткен бала, жашы жете элек болсо; асырап алуучу жашы жеткен балага ал кичинекей кезинде өз баласындай мамиле кылып камкордука алса; асырап алуучу жубайынын баласын асырап алуусун каалаcа.*

Ошентип, жогорудагы берилген сунуштардын негизинде үй-бүлө мыйзамын өркүндөтүүгө болот.

**Адабияттар:**


1. Marrying too young. End child marriage. UNFPA, New York, 2012. P. 13.
2. Demographic statistics: a review of definitions and methods of collection in 44 European countries / A. Albano, V. Corsini, A. Gereöffy. European Union. Luxembourg, 2015. P. 56.
3. https://vesti.kg/obshchestvo/item/58116-bolee-17-tysyach-brakov-s-inostrantsami-zaregistrirovano-v- kyrgyzstane-za-8-let.html)
4. Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндөгү мыйзам 2008-жылдын 31-декабры № 282
5. Статистический сборник Женщины и мужчины Кыргызской Республики: 2014-2018. - Б., 2019. - С. 30.
6. Familienrecht: Lehrbuch / von Karlheinz Muscheler. 4 Auflage. München: Verlag Franz Vahlen, 2017. -S. 266.
7. http://www.muslim-info.com/v-kyrgyzstane-uzakonyat-mnogozhenstvo.html
8. Кыргызстан в цифрах. Статистический сборник. - Б., 2020. - С.58
9. http://kg.akipress.org/news:1598715
10. https://kg.akipress.org/news:1488325
11. Сивохина С.В. Понятие брака и условия его действительности в современном праве России и Франции: Дисс…к.ю.н. - М., 2006. - 220с.
12. Тарусина Н.Н. Брак по российскому семейному праву: учеб. пособие.- 2-е изд., перераб. и доп. - М: Проспект, 2010. - 224с.
13. Назгуль Турдубекова: В Кыргызстане главный барьер в процессе усыновления – тайна усыновления. 30/08/12. 10:47. – Бишкек-ИА «24.kg», Анастасия БЕНГАРД
14. http://souchastye.ru/sud-mozhet-raskryt-tajnu-o-roditelyax-v-kakom-sluchae-rebenok-poluchit-svedeniya-o-biologicheskoj-materi/